Бекитемин

Мектеп директору

[illegible]мбетова

# Балдарды коргоо боюнча эки айлык өткөрүү жөнүндө [illegible]

| № | **Аткарылуучу иштер** | **Мөөнөтү** | **Жооптуулар** |
|---|---|---|---|
| **1** | Балдарды коргоо боюнча эки айлыктын ачылышы | Ноябрь | Администрация |
| **2** | «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз!» 8-11-класстар арасында тегерек стол өтүү | Ноябрь | Соц.педагог |
| **3** | Зордук-зомбулук боюнча класс жетекчилер менен биргеликте класстык сааттарды өтүү | Ноябрь | Класс жетекчилер |
| **4** | Биз бул жашоону тандабайбыз! Сүрөт конкурсу | Ноябрь | Сүрөт мугалими Соц.педагог |
| **5** | Ата-энелер менен тегерек стол ж.б. темада иш чараларды өтүү | Декабрь | Администрация Класс жетекчилер |
| **6** | «Рекетчилик эмнеден башталат?» жогорку класстын окуучуларына видео көрсөтүү | Декабрь | Соц.педагог |
| **7** | «Кылмыштуулукка жол жок!» диспут | Декабрь | Соц.педагог |
| **8** | Айлыктын жыйынтыгы | январь | Соц.педагог |

Социалдык педагог: Батмусаева Э.С.

## Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде 5-ноябрдан 5-январга чейин «Балдарга карата зомбулуктун алдын алуу» боюнча эки айлык өткөрүлгөн иш чаранын маалыматы

2021-жылдын 5-ноябрынан 2022-жылдын 5-январына чейин мектепте балдарды коргоо боюнча эки айлык жарыяланып анын негизинде аткарылуучу иш чаралардын иш планы түзүлүп, тааныштырылды. 10-ноябрда «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз!» деген темада 8-11-класстар арасында тегерек стол өтүлүп, окуучулар түшүнүктөрүн билдиришти. Тегерек столго класс жетекчилер дагы катышышты.

14-ноябрь күнү 7-11-класстардын класс жетекчилери «Зордук-зомбулук» деген темада класстык сааттарды өтүштү. Окуучулар бул класстык сабакта адамгерчиликке, адептүүлүккө калыптанышты. Кылмыш кылуу -өтө оор нерсе, аягы жакшы болбостугу тууралуу маалыматтар берилди. Мыйзам чегинде ар бир катталган кылмыш үчүн өзүлөрүнө тиешелүү жазалар алынарын класс жетекчилер окуучуларга айтып өтүштү. Бирок ушуга карабай азыркы учурда өспүрүмдөр арасында катталган кылмыштар күн санап өсүүдө.

24-ноябрь күнү «Биз бул жашоону тандабайбыз!» деген темада сүрөт конкурсу уюштурулуп, эң мыкты сүрөт тарткандыгы үчүн 8-класстын окуучусу Табалдиева Аянанын сүрөтү табылды.

2-декабрь күнү «Балдарга карата зордук-зомбулуктун жана суициддин алдын алуу» боюнча ата-энелер чогулушу болду. Мектеп окуучулары 20:00дон кийин көчөдөн кармалса ата-энеси айып төлөөрү эскертилди.

16-декабрда «Рекетчилик эмнеден башталат?» деген темада жогорку класстын окуучуларына видео көрсөтүлдү. Окуучулардын оюу боюнча чөйрө кандай болсо, адамдын мүнөзү да ошого жараша болот.Чөйрөң жакшы болсо, жакшы жолго багыт аласың, ал эми жаман болсо тескери жолго багыт аласың деген ойду айтышты.

27-декабрь күнү «Кылмыштуулукка жол жок!» деген темада диспут өтүлдү. Бул диспуттун негизги максаты-мектеп курагындагы окуучуларды ар кандай кылмыштуулукка жол бербөө болуп саналат.

Мектеп директору: А.Мукамбетова

Социалдык педагог: Э.Батмусаева

*Бирлик жалпы орто билим берүү мектеби*

# «Балдарга камкордук көрүү жана балдарга карата ырайымсыз мамилени, зордук-зомбулуктун алдын алуу»

## боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын отчету



*Социалдык педагог*

*Батмусаева Эльвира Сагынбековна*

*2021-2022-жыл*

*Бирлик жалпы орто билим берүү мектеби*

# *Тема: «Зордук-зомбулукту кантип болтурбай коюуга болот?»*




***10-класс***

***Мугалим: Шыгаева Ж.К.***

***2021-2022-окуу жылы***

Тема: Зордук-зомбулукту кантип болтурбай коюуга болот?

Максаты:

1. Зордук-зомбулуктун маанисин түшүнүү жана терс мүнөздөрдөн алыс болуу жөнүндө ой жүгүртүүсүн өстүрүү;
2. Өз ойлорун кенен, так айтууга үйрөтүү;
3. Окуучуларды турмуштагы болуп жаткан окуяларды, ак-караны салыштырып, ажырата билүүгө, ар-намыстуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо;

Жабдылышы: Сүрөттөр, макал-лакаптар, лозунгдар

Жүрүшү: 1.Уюштуруу иши :. Бүгүнкү күндө бул актуалдуу темалардын бири болуп келе жатат. Зордук-зомбулук дегенди кандай түшүнөсүнөр Бүгүн биз ушул темада зордук-зомбулук терс көрүнүш экендиги жөнүндө маалымат алабыз.

1-таблицада берилген. Мисалы: зордук-зомбулук жасаган адамдагы сапат: -Зөөкүр -Таш боор -Уятсыз -Кекчил -Чон муштум Бул адамдар чыр-чатакты жакшы көрүшөт, бирөөгө жек көрүү сезими болуп, үстөмдүк кылат.

Зордук-зомбулук:

-Психологиялык зомбулук

-Физикалык зомбулук

-Сексуалдык зомбулук

Ар бирөөнө токтолуп, мисал келтирип талкуулоо. Кошумчалап туруу.Зомбулуктун аягы ден соолукка зыян алып келет же кайгылуу окуя менен бүтөт.

5.Макал-лакаптар: -Бир күнү уруш болгон жерден, Кырк күнү береке качат; -Ыйманын болсо адамсын, Ыймансыз болсон наадансын; -Адамзатты сөз бузат, Тоону , ташты сел бузат; -Түшүндүрүп жай айт, Уялып, ыраазы болуп кет; Макал-лакаптардын маанисин чечмелеп, өз ойлорун айтышат

. 6.Зордук-зомбулук жасабоо жөнүндө кандай болуш керек.Өз эмоциянды башкара бил.

Таблица Чакырыктар:

Таблица 1.Өзүнө ишенген адам бол.

2.Бир ишти бардыгынан мыкты жасай алгандай кылып уйронуп ал, ошондо сени сыйлашат. 3.Озуно ишенип жур, бекем бол! Озунду кордогонго эч кимге мумкундук бербе!

4.Машык, дененди орчутуп, куч топто, озунду коргой алсан башкаларга да жардам бере аласын. 5.Достор дайыма жардам беришет жана колдошот.

6.Чыдамкай бекем бол!

7.Чыр-чатак чыгарууну жакшы коргон адамдардан кач.

9. Жыйынтыктоо.

1. Зордук-зомбулук дегенди кандай тушундук?

2. Зордук-зомбулук эмнеден келип чыгат?

3.Зордук-зомбулукту болтурбай коюуга болобу?

4.Биз кандай инсан болушубуз керек?




Зордук-зомбулукка кар
Зомбулуксуз мектеп


Эверест


FASHION


АДАБИЯТКА ЖОЛ САЛГАН УЛУУ ИНСАНДАР
«Манас» эпосу- Кыргызстан тарыхынын көөнөргүс булагы


Эверест



птын эреже
«СЫЛЫК ТИЛ-ӨМҮР ДАРАГЫ,
КАЙСАР ТИЛ-РУХТУН АЗАБЫ.»


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ
1992-жылдын 5-мартында кабыл алынган
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ
Эверест